«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУнун ректору
Абдраева А.Т.
«___»_______________2023-ж.

**И. Арабаев атындагы КМУга 2023-2024-окуу жылында келишимдик (акы төлөө) негизде тапшыруучу чет өлкөлүк абитуриенттерди баалоо көрсөткүчтөрү жөнүндө ЖОБО**

“И. Арабаев атындагы КМУга 2023-2024-окуу жылына кабыл алуу эрежелеринин жана тартибинин”, «И.Арабаев атындагы КМУнун кесиптик орто жана жогорку билим берүү базасында тапшыруучу абитуриенттер үчүн Жобосунун» негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартиби жөнүндө" токтомуна (8-глава, 100-пункт) ылайык, "Абитуриентке конкурска катышууга укук берүүчү минималдуу босого упай И. Арабаев атындагы КМУ тарабынан алдын ала белгиленет жана максималдуу упайдын 40%инен кем болбоого тийиш", И. Арабаев атындагы КМУнун биринчи курсуна тапшыруучу абитуриенттердин билим деңгээлин белгилөөдө төмөнкү баалоо көрсөткүчтөрү кабыл алынган.

532000 – "Дене тарбия", 550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – "Дизайн", 570006 – “Кинооператор” багыттарынан башка бардык келишимдик негиздеги (бюджеттен тышкаркы) адистиктерге (бул багыттар башка баллдык шкала боюнча бааланат) окутуунун бардык формалары боюнча чет өлкөлүк абитуриенттер үчүн ар бир предметтен 15 суроодон турган үч предмет боюнча комплекстүү тестирлөө өткөрүлөт. Биринчи – профилдик предмет. Профилдик предмет боюнча ар бир туура жооп 6 (алты) коэффициентине көбөйтүлөт. Ар бир предмет боюнча алты же андан аз туура жооптор канааттандырарлык эмес деп бааланат ("2"). Максималдуу упай 90 (токсон), минималдуу өтүү упайы 42 (кырк эки).

Мисалы:

4*6 = 24 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
5*6 = 30 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
6*6=36 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
7*6=42 упай – өттү деп эсептелет ж.б.

Калган эки предмет боюнча ар бир туура жооп 5 (беш) коэффициентине көбөйтүлөт. Ар бир предмет боюнча максималдуу упай 75ти түзөт. Минималдуу өтүү упайы 35.

Мисалы:

4*5 = 20 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
5*5 = 25 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
6*5 = 30 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
7*5=35 упай – өттү деп эсептелет ж. б. (предметтердин ар бири боюнча)

Предметтердин бири боюнча минималдуу упай ала албаган абитуриентке конкурска катышууга жол берилбейт.

Мисалы, эгерде абитуриент предметтердин бири боюнча 6, ал эми калгандары боюнча 7 жана андан ашык туура жооп алса, анда Жобого ылайык бул абитуриент тестирлөөдөн өтпөйт.

Кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы үч предметтин жооп берилген упайынын жалпы суммасын эске алат.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**Кабыл алуу комиссиясынын**
**жооптуу катчысы** **Эшаров Э. А.**